УДК 94(575.2)

**Дүйшеев Жеңишбек Аматысакович**
ORCHID: 0009-0006-1179-5533
т.и.к., доцент, К.Ш. Токтомаматов
атындагы эл аралык университеттин профессору

**КЫРГЫЗ ТАРЫХЫНЫН ЖУНГО ӨҢҮРҮ АКАДЕМИК АБЫЛАБЕК АСАНКАНОВДУН ИЗИЛДӨӨЛӨРҮНДӨ**

**Дуйшеев Женишбек Аматысакович**
ORCHID: 0009-0006-1179-5533
к.и.н., доцент, профессор Международного университета
им. К.Ш. Токмаматова

**ДЖУНГАРСКИЙ АСПЕКТ КЫРГЫЗСКОЙ ИСТОРИИ В ИССЛЕДОВАНИЯХ АКАДЕМИКА АБЫЛАБЕКА АСАНКАНОВА**

**Duisheev Zhenishbek Amatysakovich**
ORCHID: 0009-0006-1179-5533
Professor at the International University named after K.Sh. Tokmamatov

**THE DZUNGARIAN ASPECT OF KYRGYZ HISTORY IN THE RESEARCH OF ACADEMICIAN ABYLABEK ASANKANOV**

**Аннотация.** Кыргыз тарыхынын терең жана теребелдүү изилдениши тарыхчылардын жеке демилгелери жана аракеттеринен түздөн-түз көз каранды. Евразия континентинде аягы арбыштуу, туягы тукур "кентаврлардын" үлгүсүн элестетип, түгөнгөн сайын түтөп, түбүнөн бери күчөп, кырылгыстай туюлган байыркы элдин айтылуу Жунгодогу салаасын тегиз изилдеген окумуштуунун изилдөөлөрүнүн өзгөчөлүктөрүнө жана тыянактарына кеңири токтолууга аракет жасайбыз. Илимий булак катары окумуштуунун эмгектери менен Жунгодон жарык көргөн илимий, илимий-документалдык, санжыра өңдүү материалдар пайдаланылды.
**Негизги сөздөр:** тарых, Жунго, Абылабек Асанканов, изилдөө.
**Аннотация.** Глубокое и тщательное изучение истории Кыргызстана напрямую зависит от личных инициатив и усилий отделных историков. В этой статье попытались подробно остановиться на специфике и выводах исследований ученого, который изучал «кентавров»(наездников-кыргызов) на Евразийском континенте, особенно в Жунго. В качестве научного источника использовались труды ученого и опубликованные в Китае научные, документальные, генеалогические материалы.
**Ключевые слова:** история, Жунго, Абылабек Асанканов, исследования.
**Annotation.** A deep and thorough study of the history of Kyrgyzstan directly depends on the personal initiatives and efforts of individual historians. In this article, we tried to dwell in detail on the specifics and conclusions of the research of a scientist who studied «centaurs» (Kyrgyz riders) on the Eurasian continent, especially in Rongguo. As a scientific source, the works of the scientist and scientific, documentary, genealogical materials published in China were used.
**Keywords:** history, Jungo, Abylabek Asankanov, research.

Жунго же Кытай аймагындагы кыргыздардын тарыхы – жамы кыргыз тарыхынын ажырагыс бөлүгү. Саясий себептерден улам эки Дөөлөттүн – Россия Империясы жана Кытайдын ички тартибине ыңгайлашып жашап калган бир элдин маданияты обьективдүү себептерден улам айрым өзгөрүүлөргө учураганы менен улуттук өздүгүн(идентификация) терең түшүнгөн калк экендиги анык. Муну академик Абылабек Асанканов-

дун изилдөөлөрү да далилдеп турат. А.Асанканов Жунго кыргыздарын тарыхый-маданий өңүттөн: 1. Алтай; 2. Тарбагатай; 3. Иле; 4. Ак-Суу; 5. Лобнор; 6. Кызыл-Суу; 7. Кашкар; 8. Памир; 9. Куен-Лун(Хотан жана Каргалык) аймактарына бөлүп, алардын этникалык тарыхын, чарбасын, материалдык маданиятын(тамак ашы менен кийим кечесин), үй-бүлө мамилелерин диний ишенимдерин, рухий маданиятын(элдик оозеки чыгармачылыгы, адабияты, искусствосу), кол өнөрчүлүгүн, илим-билимин, улуттук оюндарын жана учурдагы этномаданий жараяндарын иликтөөгө алат. Бул түйшүк 2005-2008-жылдары төрт жылда Синцзяндын беш аймагы менен 34 айылында жүргөнүн кытай китеп басмаканасынын кызматкерлери жазат[1.1]. Изилдөөлөрдүн тыянагы катары "Кызылсуу кыргыз басмасы" тарабынан 2013-жылы май айында "Абылабек Асанканов. Жунго Шинжаң кыргыздары"(сунуштуу редактор: Макелек Өмүрбай уулу; жооптуу редактор: Токтосун Карыбек уулу; мукабасын жасаган: Лиу Канхай) аттуу 9,75 басма табак көлөмүндөгү монография жарык көрүп, калкка тартууланды. Эмгектин баалуугу – автордун өз көзү менен көргөн турмуш жагдайдын китепке түшүрүлүшү деп белгилөөгө батынып отурабыз. Эмгектин кириш болүмүндө автор: "...кыргыздар арасында өзүмдүн жеке этнологиялык иликтөөлөрүмдү жүргүзүүгө туура келди. Мен Он-Суу районунун Боз-Дөң айылында, Ак-Суу аймагынын Үч-Турфан районунун Жаман-Суу айылында болдум жана изилдөөлөрдү жүргүздүм. Андан кийин Какшаал аркылуу өтүп, Ак-Чий районунун айылдарында болуп, атактуу манасчы Жусуп Мамай менен жолуктум", - деп эскерет[1.5.]. Китептин көлөмүн кыскартуу аракетинен улам изилдөөчүнүн жеке архивиндеги маа лыматтар ачылбаган бойдон калганы – өкүнүчтүү жагдай. Бул тууралуу басмадан: "... китептин түп аргиналы(оригиналы – Д.Ж.) жалпы 480 бет болуп, анын 250 бетин этногирафиялык(этнографиялык – Д.Ж.) сүрөттөр ээлеп, жыйыны 519 сүрөттү көргөзө алган. Бирок биздин басма өз шартына карай, сүрөттөрдү кыскартуулар менен китепке киргизди. Арийне, басманын талабына ылайык кээ бир сүйлөмдөргө, энчилүү аттарга өңдөөлөр(оңдоолор – Д.Ж.) киргизилди", - деп жазышат[1.2.].

Иван Грозныйдын маалынан башат алган[3.10] Шиңжанды изилдөө Петр I тарабынан уланып, XIX кылымда ургаалдуу күчөйт, же, аталган аймакта болгон Ч.Ч. Валиханов, М.В, Певцов, Н.М. Пржевальский, Б.Л. Громбчевский, Н.Ф. Петровский, Г.Е. Грум-Гржимайло, Н.И. Гродеков, В.В. Бартольд, Н.А. Аристов, Н.Я. Бичурин, батыш изилдөөчүлөрү жана саякатчылары – Свен Гедин, Г. Лансделл, Ю. Шуйлер, Э. Сайкс, Г. Бонвала, Э. Хантингтон, И. Данмор, Ф. Янгхазбенд, Л. Маккартни, Д. Алмаши, Д. де Ран, советтик жана постсоветтик доордогу изилдөөчүлөр – Б. Солтоноев, С.Г. Кляшторный, Ю.С. Худяков, В.Я. Бутанаев, Э. Тенишев, А. Мокеев, А. Колесников, С.М. Абрамзон, С.Малов, Ө. Караев, Ү. Асаналиев, Т.К. Чороев, Л.А. Чвырь, диссертациялык деңгээлдеги иштерди жазган – Г. Керимбекова, А.Турдуева, Г. Абдалиевалар тарабынан изилденип келди. Аталган эмгекти азырынча – Жунго кыргыздары тууралуу жогорку авторлордун пикирлерин тыянактаган толугураак, жаңы маалыматтардын жыйындысы катары эсептесек болот. Эмгекте белгиленген "өйдөдө айтып өткөндөй, Шинжаң кыргыздарынын этникалык тарыхына, маданиятына жана турмуш-тиричилигине арналган көп иштер, башка өлкөнүн изилдөөчүлөрү тарабынан ар кайсы мезгилде жүргүзүлгөн. Белгилей кетчү нерсе, азыркыга чейин Кыргызстандын этнологиялык тарых таануусунда Шинжаң кыргыздарынын баардык аймагын – чыгыштан батышка, түндүктөн-түштүккө чейин, өз-өзүнчө жана бүт камтыган этнологиялык изилдөөлөр жок болуп келет. Шинжаңдагы кыргыздардын турмуш-тиричилигин жана маданиятын терең изилдөө максатын койгон этнологиялык экспедициялар жүргүзүлгөн эмес"[1.12.] экендиги бул маанилүү илимий маселени камтыган китептин актуалдуулугун көрсөтүп турат. Окумуштуу бул боштукту толуктоо максатында тарыхчылык вазийфасын туу тутуп, күч үрөп изилдейт, жана анын натыйжасы жана баскан кадамы "бул изилдөөлөр, Шинжаң кыргыздарын талаа талаа этнологиялык изилдөөлөрдүн негизинде жасалган биринчи аракеттер, ал – чыгыштагы Алтайдан батыштагы Памирге, түштүк Тибет тоолорунан түндүк Теңир-Тоого чейин бардык аймакты камтыйт"[1.13.]. Окумуштуу "бардыгын изилдеп койдум" деп

төш какпайт, тескерисинче: "айта кетчү нерсе, бул иш Шинжаң кыргыздарынын ар тараптуу жашоосун толук ачып берген дешке болбойт. Китеп канчалык көлөмдүү болбосун, бир китеп менен чектелип, алдыга коюлган тапшырмаларды ачуу мүмкүн эмес"[1.13] экендигин баса белгилеп, кийинки изилдөөчүлөр үчүн "бул илиздөөлөр келечектеги жаш окумуштууларга Шинжаң кыргыздарын жалпы, же өз-өзүнчө бир аймакты иликтөөгө түрткү берет деп үмүттөнөт"[1.13]. Илимде чыныгы окумуштуунун изилдеген маселесинен кийинки иликтөөнүн учугу чубалып турушу керек деген ушул да. А.Асанкановдун Жунголук кыргыздарды терең жана теребелдүү изилдөөсү – аларды жогоруда бөлүнгөн аймактар боюнча же коюлган маселе боюнча(предметтик) жалпы изилдөө үчүн жол көргөзүп атат.

Жунго кыргыздарынын географиялык жайгашуусун: "көпчүлүк кыргыздар тоолуу жерлерде жана тоонун этектеринде; аз бөлүгү – түздүктө жана ойдуңдарда; батышта, түштүк жана түндүк-батышта жыш жашашат" [1.15], - деп, алардын акыркы "төрт мезгилдик(кыштоо-жаздоо-жайлоо-күздөө)" аймагын даана белгилеп берет. Маселен, "илгери убакта жана орто кылымдарда Алтай бир эле аймак болгон. Тарыхтын жана тагдырдын буйругу менен кезинде бир аймак болгон Алтай кийин төрткө бөлүнгөн. Туштүк-батыш бөлүгү КЭРна карап, монгол алтайы деп аталат, түндүк-чыгышы – Монголияга, түндүк бөлүгү – Россия Федерациясына, түндүк-батышы – Казахстанга тиешелүү" экендигин белгилеп кетет[1.17]. Жана да: "Алтайдын ландшафты, географиялык чөйрөсү азыркы Кыргызстандын шарттарына окшош.алыста аппак карлуу тоолор көрүнсө, жакынкы жерлерде жапыс эмес бак-дарактар өсүп турат. Жалпысынан флорасы, кескин континенталдуу климаты бийик тоолуу Кыргызстандын райондорун элестетет. Бир гана айырмачылыгы, КЭРнын алтайынын өрөөнү менен түздүктөрү – бир аз кенен жана узун. Биздин ата-бабалар алтайды таштап, батыштан жаңы конуш издеп жүргөндө, Алтайдай жер же болбосо ага окшош конуш издешкен. Ошону менен бирге, алар ал жактын аталыштарын ала келишкен, тактап айтканда, жаңы журттарга мурунку конуштарынын аттарын ыйгарышкан", - деп жазат[1.18]. жунго археологдорунун табылгалары коюлган музейлердеги экспонаттарга күбө болуп, "байыркы заманда Алтай менен Кыргызстан бир тарыхый-географиялык жана тарыхый-маданий аймакка киргендигине" ынанып, "сынташ" "молоташтардын" бирдейлигине таң калат[1.19] да, "2-3 миң жыл мурда Алтай менен Кыргызстан бир тарыхый-маданий мейкиндикке кирген" деген оюн билдирет[1.25]. Тарбагатай кыргыздарынын абалы тууралуу маалыматтар – эмгектин дагы бир артыкчылын толуктап турат. Диний ишеними буддизмдин ламаизм салаасын тутунган кандаштарыбыз объективдүү тарыхый шарттардан улам[1.28] калайман калктан ыраакташып, Өкмөт "чийип берген" чийинде. турмуш өткөрүп келишет. Тили бурулуп калганы менен улуттук кимдигин унутпай, алигиче урууларын билишет[1.25-27]. Мында тарбагатайлык кыргыздардын жалпы саны боюнча тактоого зарыл жагдайлар бар экендигин да белгилеп кетүүбүз керек. Окумуштуу өз монографиясында "3 миңге жакын кыргыз жашайт" [1.26] десе, ушул эле жылы ушул эле басмадан жарык көргөн жергиликтүү изилдөөчүнүн эмгегинде "Тарбагатай аймагында 2057 кыргыз бар. Бул аймакка таандык Чөйчөк шаарында 1687 кыргыз, Дөрбөлжүн ооданында 276 кыргыз бар. Калгандары башка оодандарга таракай отурукташкан" [2.142], - деп берилет. Кийинки эмгекте тарбагатайлык кыргыздардын эн тамгалары "дигилей тамгасы" деп аталып, аны көргөн эл "кыргыз тамгасы" дей турганын жазат[2.143]. Кыргыздардын Тарбагатайга келишинин убактысы боюнча окумуштуу өзүнүн талаа материалдарын жазган №1-дептеринде үрүмчүлүк тарыхчы-окумуштуу Аскар Жунустун Кытай жазма булактарына таянып: "1740-жылы келген деп болжолдосо" [1.29], Мамбетасан Токталы: "болжол менен 1780-жылдан кийин Чиң падышачылыгы өкүмөтүнүн Тарбагатайдагы туруктуу кеңешчи генералы бул кыргыздарды кайра бириктирип, Тарбагатайдын Оркочор тоосу менен Майлуу тоосунун Муктурчын айланасына жайгаштырган. Аларга төрт мезгилдик жайыт бөлүп берген. Ошондон баштап бул кыргыздар ошол жерлерде мал баккан" [2.143], - деп жазган. Дегинкиси, тарбагатайлыктардын "Ала-Тоону алты айланып келгенбиз" деген

кебинде бир мандем жатат. Иле боюндагы изилдөөлөрүнөн окумуштуу "Иле кыргыздарынын тарыхын, өздөштүрүп жашап жаткан азыркы аймагын жалпы Кыргызстандык кыргыздардын этникалык тарыхы менен эки бөлөк кароого болбойт" деп тыянак чыгарат[1.33], жана Илени жердеген оң(бугу, азык, моңолдор, саяк, солто) сол(кытай, саруу, мундуз, карабагыш, басыз), ичкилик(-тейит, кыпчак, дөөлөс) уруулары жашаарын белгилеп кетет[1.38-39.]. Мында Ак-Суу аймагын жердеген кыргыздардын отурук алуусун кыргыздардын баатырдык эпосу Жаңыл Мырза жана анын эли – нойгуттар, эпостун кейипкерлери "Үчүке менен Түлкү, моңолодор уруусунун белгилүү инсандары Атакозу жана Чапак"[1.56] тууралуу алардын кезген жер-сууларын кеңири сүрөттөйт. Мында Атакозу менен Чапактын теги тууралуу эки ача пикирге да токтоло кетүүгө туура келет. Абдыкерим Чоробаевдин айтымындагы Жаңыл Мырзада бул эки инсандын ысымдары такай учурап[4.215,221-223,228-229,235,244,248], акырында гана "Атакозу, Чабагы – Саяктан эки эр өлдү", - деп, "саяктар" экендиги эскерилет[4. 314]. Ал эми ушул эле эпостун Молдобасан Мусулманкуловдун айтуусунда аталган эки эр моңолдордун башчысы Самансур менен бирге "Самансурдун элинен, Бир топ жылкы жоготуп... Атакозу, Чабак бар, Ак калпак кыргыз чогулуп", - деген кеп болот[4.405, 410-412,416,417,419]. Мындан көрүнүп тургандай Абылабек Асанкановдун эки эрдин теги тууралуу пикирине ынанууга туура келет деп ойлойбуз.

Дегинкиси, академик Абылабек Асанкановдун Шинжаң кыргыздарын изилдөөсү өтө мол маалыматтарды камтуу менен асылы жемиштүү болуп, аны корутундулап жазган эмгеги Шинганга баруучулар үчүн өзүнчө эле "жол картасы" сыяктанып, Жунго кыргыздарына сапар алган ар бир кишиге маалымат нускап тураары шексиз.

**Адабияттар:**


1. Абылабек Асанканов. Жунго Шинжаң кыргыздары. Кызылсуу кыргыз басмасы. 2013;
2. Мамбетасан Токталы. Жунго кыргыздары(Кытай кыргыздары). Шинжаң эл басмасы. 2013;
3. Колесников А. Русские в Кашгарии (вторая половина 19-начало 20 вв.). миссии, экспедиции, путешествия. Бишкек. 2006;
4. "Эл адабияты" сериясынын 6-тому. Саринжи, Бөкөй. Жаңыл Мырза. Бишкек. Шам. 1998;
5. Акылбек Кылычев. XIV-XV кылымдардагы Теңир-Тоо жана ага чектеш аймактардын тарыхы. Бишкек. 2004.